
# Ким күлүк?



Автор: Бакытжан Мырзатаева

Сүрөтчү: Ильяз Абдыжапаров

# Ким күлүк?

Автор: Бакытжан Мырзатаева
Сүрөтчү: Ильяз Абдыжапаров

Кыргыз тилинде
Бишкек - 2023

Copyright © 2023, Copyright © 2022, Бул чыгарма Creative Commons Attribution 4.0 Эл аралык лицензиясы (https://creativecommons.org/licenses /by/4.0/) боюнча лицензияланган

http://creativecommons.org/licenses/by/4.0/
Бул ишти коммерциялык максаттарда колдоно аласыз. Бул чыгарманы адаптациялап, толуктай аласыз. Авторлордун, иллюстраторлордун ж.б. автордук укугун жана өздүк маалыматтарын сакташыңыз керек.

"Ким күлүк?" (кыргыз тилинде), автор Бакытжан Мырзатаева, сүрөтчү Ильяз Абдыжапаров

Бул басылма АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин колдоосу менен түзүлдү. Басылманын мазмуну USAIDдин же АКШ Өкмөтүнүн пикирин милдеттүү түрдө чагылдырбайт.

Created with Bloom



Аксаамай менен Байтик өзөнгө келишти. Алар кашка тайын, көк музоо жана козу-улактарын ушул жерден сугарышат. Балдар ак кагаздан кайык жасашты.

– Кимдин кайыгы күлүк, көрөлү, – Аксаамай Байтикке карады.

Экөө кайыктарын жарыштырмай болушту. Аларды ээрчип жээк бойлой чуркашты. Суунун жайык жерлеринде кайыктар зымырады. Алар кайыктардан бир топ артта калышты:

– Аккан суу, аккан суу, айтчы, качан токтойсуң? – деди

Аксаамай күйүккөн абалында.

– Мен токтобойм да.



Жээктеги чоң ташка аккан суунун шары келип урунду.

Аппак берметтей тамчылары чачырады. Заматта анын моюнуна акактай шурулар алты кабат ороло калды.

– Ай-и-ий, кандай кооз мончоктор!

Ал көз кубанткан шуруларын сылады да:

– Ыракмат! Биз да сага ак кайыктарды белек кылалы! – деди Аксаамай кубанычтан жүзү жаркырай.



Аңгыча кайыктар токтоп калды. Дарактын сынган бутактары, жалбырактар ташка такалып, кайыктардын агымын тороп калыптыр. Байтик агындыларды алып, тазалап койду. Ак кайыктар жарыша жол улады.

– Ыракмат, Байтик, жолумду ачтың! Эми кайыктар тоскоолдуксуз сүзүп жөнөшөт, – деди суу балага ыраазы болуп.

– Эми чарчабай шар ага бер! – деди бала.

– Чарчоо деген болбойт менде.

– Уктайсыңбы?

– Уйкум да жок...

– Сен баарынан күлүксүңбү?

– Албетте! Мага эч ким жетпейт!



– Анда эмесе, кашка тайым, көк музоом, козу, улактарым менен жарышып көрөсүңбү?

– Макул, жарышайын.

Козу, улактар маараган бойдон сууну бойлоп чуркап, бат эле чарчап калышты. Байтик менен Аксаамай эми көк музоону жарыштырмак болушту. Музоо тил албай койду. Намыстанган Байтик кашка тайын жарышка салды.




Кашка тай оюн салып, сууну бойлой чуркады:

– Эх-ээй, аккан суудан мен күлүк! – деп Кашка тай куйрук-жалын сапырылтты.

Узак жерге чейин чуркап барып, чарчап токтоп калды.

Ал эми Аккан суу атырылган бойдон андан ары жөнөдү.



Агып баратып бак-дарактын суусунун кандырды. Жайкалып өскөн арпа, буудайларды каптап өттү.
Гүлдөргө бермет, шуру тамчыларын чачыратты. Ар бир агып өткөн жеринде жашыл чөптөр жайкалды.
Бак-дарактарда мөмөлөр мөлтүрөдү.
Арпа, буудайлар желге ыргалды. Аккан сууга алар алкыш айтып жатышты.
Кайыктар калкылдап, токтобой агып баратты.

Достор, а силер кандай ойлойсуңар, дүйнөдө ким күлүк?

АМЕРИКАНЫН ЭЛИНЕН

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ
МИНИСТРЛИГИ

Автор: Бакытжан Мырзатаева
Сүрөтчү: Ильяз Абдыжапаров

USAIDдин "Окуу керемет!" долбоору
Кыргыз Республикасы

1-класс
- 1.1 деңгээли
- 1.2 деңгээли
- 1.3 деңгээли

2-класс
- 2.1 деңгээли
- 2.2 деңгээли

3-класс
- 3.1 деңгээли
- 3.2 деңгээли

4-класс
- 4.1 деңгээли
- 4.2 деңгээли